**БЕКИТЕМИН**
**Бишкек шаарынын мэриясынын**
**Билим берүү башкармалыгынын**
**начальниги**
**_____________А.Дж.Арстамбекова**

**Буйрук № 185 2022-ж. 1-июлу**

# «№ 97 жалпы орто билим берүү мектеби» мекемесинин

# УСТАВЫ

Бишкек 2022-ж.

**«№ 97 жалпы орто билим берүү мектеби» мекемесинин**
**УСТАВЫ**

## I. Жалпы жоболор

1.1. «№ 97 жалпы орто билим берүү мектеби» мекемеси (мындан ары - ОМ), башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын жүзөгө ашыруучу муниципалдык жалпы билим берүү уюму болуп саналат.

1.2. №97 ОМнын уюштуруучусу болуп Бишкек шаары, Пушкин атындагы көч., 125 дареги боюнча жайгашкан Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы эсептелет.

1.3. №97 ОМнун уюштуруу-укуктук формасы - ыкчам башкаруу укугу бар муниципалдык жалпы билим берүүчү уюму.

1.4. №97 ОМ өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын жана башка билим берүүнү башкаруу органдарынын буйруктарын жана тескемелерин, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.5. №97 ОМ чектелбеген мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте мамлекеттик каттоодон өтөт.

1.6. Жалпы билим берүү уюмунун аталышы:
мамлекеттик тилде - Бишкек шаарынын Ленин районунун «№ 97 жалпы орто билим берүү мектеби» мекемеси (кыскартылганы -№97 ОМ)
расмий тилде - учреждение «Средняя общеобразовательная школа №97» Ленинского района города Бишкек (кыскартылганы - СОШ №97).

1.6. №97 ОМнун юридикалык дареги: Бишкек шаары, Ленин району, Арча-Бешик конушу, Бадахшан көчөсү

## II. Укуктук макамы

2.1. №97 ОМ мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып каржылык-чарбалык жана укуктук өз алдынчалыгы, обочолонгон мүлкү, өз алдынча балансы, мамлекеттик жана расмий тилдеринде өзүнүн аталышы менен мөөрү, штамптары жана бланктары, казыналык органдарында жана башка

каржылык-насыялык мекемелерде эсептешүү жана энчилүү, валюталык, атайын, эсепке алуу жана башка эсептери бар юридикалык жак болуп саналат.

2.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык №97 ОМ мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана жайгаруу укуктарын ишке ашыруучу Мектеп катары ыкчам башкаруу укугу менен бекитилген.

Мектеп мүлкүнүн курамына: негизги каражаттары, ээлеген имараты, жабдуулары, шаймандары, жер тилкеси жана башка мүлктөр кириши мүмкүн.

2.3. №97 ОМ Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бекиткен тартипте илимий-изилдөө, маданий-агартуу жана ишмердиктин башка түрлөрүнүн маселелери боюнча эл аралык уюмдардын фонддору, 0ЭУ, ЖОЖ, атайын орто окуу жайлар (АООЖ), ишканалар, фирмалар, юридикалык жана жеке жактар менен өз алдынча түз байланышат. Өз ара кызматташуунун бардык түрлөрү келишимдердин жана өз ара эсептешүүнүн негизинде жүргүзүлөт.

2.4. №97 ОМ педагогикалык, илимий жана башка, анын ичинде эл аралык ассоциацияларга жана бирикмелерге кире алат, олимпиадаларга, конференцияларга, конгресстерге жана өз ара кызматташуунун башка түрлөрүнө катыша алат, ошондой эле валютасыз негизде окуучулар жана окутуучулар менен алмашууну жүргүзө алат.

2.5. №97 ОМ бардык уюмдарга, анын ичинде эл аралык уюмдарга коомдук аккредитация, окуу, илимий, маданий жана материалдык колдоо максатында кайрыла алат.

2.6. №97 ОМ жеке жана юридикалык жактар тартуу, кайыр же мурас түрүндө берген акча каражаттарына, мүлккө жана менчиктин белек объекттерине жана ошондой эле Мектептин өз ишмердигинен түшкөн кирешеге, ага сатылып алынган объекттерге менчик укугуна ээ.

2.7. №97 ОМнун уюштуруучусунун макулдугу менен бекитилип берилген мүлктү мыйзамга ылайык ижарага берүүгө укуктуу. Мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн киреше уставдык максаттарга пайдаланылат.

2.8. №97 ОМ мыйзамда каралган бардык жарандык-укуктук бүтүмдөрдү жасоого, сотто доочу жана жоопкер болууга жана башка укук жана милдеттерге ээ.

2.9. №97 ОМ дун ишмердиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бекиткен учурларда жана тартипте аттестациялоого жатат.

2.10. Түзүүчүлөр Мектептин милдеттенмелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бекиткен учурларда, тартипте жана чектерде жоопкерчилик тартат.

**III. №97 ОМнун ишмердигинин предмети жана максаттары**

3.1. №97 ОМдун ишмердүүлүгүнүн максаттары:

✓ билим берүү системасынын ыраатуулук жана үзгүлтүксүздүк тутумун өркүндөтүү,

✓ жалпы билим берүүчү программалардын мазмунунун милдеттүү минимумун өздөштүрүү негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, аларды коомдо жашоого адапташтыруу, кесиптик билим берүү программаларын жана жарандык тарбияны аңдап тандоого жана кийинки өздөштүрүүгө негиз түзүү; окуучулардын чыгармачыл, интеллектуалдык өнүгүшүнө шарт түзүү жана учурдагы билим берүү процессинде адатташкан жөндөмдүү инсанды калыптандыруу.

3.2. Мектептин ишмердигинин предмети баштагыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу.

3.3. №97 ОМнун билим берүү процесси инсандыкка багытталган багытты камсыз кылат, окуу-тарбия ишмердигинин түрлүү түрлөрүнө карата салттуу жана инновациялык мамилелерди айкалыштырган окутуунун жана тарбиялоонун ийкемдүү формаларынын жана ыкмаларынын кеңири спектрин камтыйт.

**IV. Ишмердиктин негизги принциптери**

4.1. №97 ОМ төмөнкү принциптердин негизинде иш алып барат:

✓ Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алууга укугунун теңдиги;

✓ билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын аткаруу;

✓ билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү;

✓ билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;

✓ ар бир жарандын мидеттүү жана жеткиликтүү баштапкы жана негизги жалпы билим алуу, жана ошондой эле №97 ОМ акысыз орто жалпы билим алуу мүмкүнчүлүгү;

✓ жалпы билим берүү мекемесинин бардык каржылык ишмердигине коомдук-мамлекеттик көзөмөл жүргүзүүгө ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү;

✓ билим берүүнүн саясий жана диний институттарга көз карандысыздыгы;

✓ №97 ОМде окутуунун динден тышкаркы мүнөзү.

## V. Укуктар жана милдеттер

5.1.Милдеттерди ишке ашырууга жетишүү үчүн өз ишмердигин аткарууда Мектеп төмөнкү укуктарга ээ:

✓ материалдык-техникалык, каржылык-чарбалык каражаттарын ыкчам башкаруу укугунда пайдалануу;

✓ кошумча билим берүү үчүн акылуу негизде көрсөтүлгөн кызматтардан жана башка кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди атайын эсепке алып, кирешелерди жумшоого өз алдынчалуулугу;

✓ Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын негизги жоболоруна ылайык келген окутуунун жана тарбиялоонун түрлөрүн, каражаттарын жана усулдарын тандоодо, пайдаланууда жана түзүүдө өз алдынчалуулук;

✓ Кыргыз Республикасынын Билим беруу министрлигинин жөнгө салуучу актtарына ылайык бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү, билим денгээли жөнүндө №97 Мектептин мөөрү менен ырасталган мамлекеттик үлгүдөгү документти берүү;

✓ кошумча билим берүү программаларын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын статусун аныктаган чектерден тышкары кошумча жалпы билим берүү кызматтарын көрсөтүү;

✓ улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышуу.

5.2. №97 ОМде төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

✓ жалпы билим берүүнүн сапатын жана анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келишин;

✓ билим берүү процессин уюштуруунун колдонулган формаларынын, ыкмаларынын жана каражаттарынын жаш куракттык психологиялык өзгөчөлүктөр, шык, жөндөм, кызыкчылыктар, окуучулардын ден соолугун жана өмүрүн коргоо талаптары менен шайкештиги;

✓ санитардык-гигиеналык нормаларды сактоого;

✓ билим берүүнүн чектеш деңгээлдери ортосунда өз ара аракеттешүүнү жана ишин улантууну;

✓ сергек жашоонун түрүнө үгүттөө жана окуучуларга санитардык-гигиеналык тарбия берүү.

5.3. №97 ОМде тыюу салынат жана жол берилбейт:

✓ окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлү) уруксаты жок, жалпы билим берүү программаларында, окуу планда жана Уставда каралбаган, эмгекке тартууга;

✓ окуучуларга күч колдонууга жана психикалык зомбулук кылууга;

✓ саясий партия, коомдук-саясий, диний кыймыл жана уюмдарды түзүүгө жана ишмердигине;

✓ окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюм, кыймыл жана партияларга өтүүгө кыстоого, ошондой эле аларды ушундай уюмдардын ишмердигине, үгүттөө өнөктүктөрүнө жана саясий акцияларга кыстап тартууга.

**VI. Билим берүү процесси**

6.1. №97 ОМде окутуу мамлекеттик жана (же) расмий тилдерде жүргүзүлөт. Мектеп мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары окутулушун жүзөгө ашырат. Кыргыз Республикасынын расмий тили болгон орус тили жана бир чет тилди Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен Базистик окуу планына ылайык жана окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлү) каалоосун эсепке алып Мектеп администрациясы башка чет тилдерди окута алат (мектеп компоненти, кружок ж.б.).

6.2. №97 ОМда окутуу жана тарбиялоо үчүн кабыл алуу буйрук менен ишке ашат. №97 ОМго кабыл алуу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамдарына каршы келбей турган кабыл алуу эрежелери менен жөнгө салынат.

6.3. Биринчи класска балдар ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлү) каалоосуна менен 6 жаштан баштап, бирок 7 жаштан кечиктирбестен, кабыл алынат.

6.4. №97 ОМ билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:

1-баскыч- жалпы башталгыч билим берүү;

2-баскыч- жалпы негизги билим берүү;

3-баскыч- жалпы орто билим берүү.

Мектептеги жалпы билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде иштелип чыккан, бекитилген жана ишке ашырылган программалары менен аныкталат.

6.5. №97 ОМнун иш режими бардык баскычтарында Кыргыз Республикасынын майзымдарына ылайык окуу жумалыгы аныкталат.

6.6. №97 ОМ билим берүү процессин уюштуруу сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык Базистик окуу планынын негизинде түзүлөт.

6.7. Мектептин сабактарынын узактыгы - 45 мүнөт, биринчи класста - 40 мүнөткө созулат.

6.8. №97 ОМнун окуу жылынын башталышы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүү жөнүндө мыйзамдарына ылайык белгиленет.

Мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарында окуу жылынын созулушу, мамлекеттик (жыйынтыктоо) аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде, 34 аптадан кем эмес, ал эми биринчи класста- 33 аптаны түзөт.

6.9. №97 ОМнун окуу жылы 4 окуу чейректен турат, аралыгында каникулдардын созулушу 30 календарлык күндөн кем эмес, 1-класстын окуучулары үчүн кошумча апталык каникул аныкталат.

6.10. Негизги билим берүүнү ишке ашыруу максатында окуучулардын саны 1-2-баскычтарда 30 же андан ашык болсо, 3-баскычта 25 же андан ашык болсо кыргыз тили (орус тилинде окуган класстар үчүн), орус тили (кыргыз тилинде окуган класстар үчүн), чет тили, технология, информатика сабактары 2 тайпага бөлүнөт.

6.11. Жалпы билим берүү программаларын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучу кийинки класска көчүрүлөт. Окуу жылынын жыйынтыктары боюнча бир сабактан академиялык карызы бар окуучулар кийинки класска шарттуу түрдө которулушу мумкун. Окуу жылынын программасын өздөштүрбөгөн жана эки же андан да көп сабактардан академиялык карыздары бар башталгыч, жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтардагы окуучулар кайра кайталап (ордунда, 2-жылга) окутууга калтырылат.

Окуучуну көчүрүү бардык учурда педагогикалык Кеңештин чечими менен жүргүзүлөт. Мурдагы деңгээлдин жалпы билим берүү программасын өздөштүрбөгөн окуучуларга жалпы билим берүүнүн кийинки баскычында окууга жол берилбейт.

6.12. Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациясы менен аяктайт. Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу аттестациясы Кыргыз Республикасынын мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу аттестациясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

6.13. Мектептин бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн соң №97 ОМнин мөөрү менен күбөлүндүрүлгөн билим берүүнүн деңгээли

тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет. Орто жалпы билимдин жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлгөдөгү күбөлүктөрдү жана аттестаттарды алышат.

6.14. №97 ОМнун окуучуларына кошумча билим берүү акысыз жана акылуу (ыктыярдуу) негизде жүзөгө ашырылат.

Акылуу негизинде кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

6.15. Мектептеги класстардын саны санитардык жана класстардын чектелген толтурулушунун ченемдерин эске алуу менен жарандардын берген арыздарына жараша болот.

6.16. Мектеп окуучуларын акысыз медициналык тейлөө администрация жана педагогикалык персонал менен катар дарылоо-алдын алуу иш-чараларын өткөрүүгө, санитардык-гигиеналык ченемдерди сактоого, окуучулардын тамактануусун контролдоого жоопту атайын бекитилген саламаттык сактоо мекемеси (медициналык персонал) менен камсыз кылынат.

## VII. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

7.1. №97 ОМнин билим берүү процессинин катышуучулары окуучулар, жалпы билим берүү мекемесинин педагогикалык кызматкерлери, окуучулардын ата-энелери (мызамдуу өкүлдөрү).

7.2. Мектепке кабыл алуу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы жана ушул Устав менен аныкталат.

1-класста кабыл алуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

7.3. №97 ОМга кабыл алуу үчүн окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) төмөнкү документтерди тапшырышат:

1. мектептин жетекчилигинин атына арыз;
2. ата-эненин (алардын ордундагылардын) каттоосу бар паспорту;
3. туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
4. баланын массалык мектепте окууга мүмкүндүгү жөнүндө медиктердин ден соолугу туурасындагы корутундусу бар медициналык картасы;
5. жашаган жерден маалымкат;

6. толук эмес орто билими тууралуу күбөлүк (10-11-класстардын окуучулары үчүн).

7.4. №97 ОМ окууга кабыл алынуучуну жана анын ата-энесин (алардын ордундагыларды) Устав жана жалпы билим берүү процессин жөнгө салуучу башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

7.5. Окуучулардын, алардын ата-энелерин (алардын ордундагылардын) укуктары жана милдеттери Жалпы билим берүү уюму жөнүндө Типтүү жобонун негизинде №97 ОМнин Уставы менен аныкталат.

7.6. №97 ОМде окуган окуучулар төмөнкү укуктарга ээ:

✓ Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы аныктаган көлөмдө акысыз жалпы орто билим алуу;
✓ билим берүүнүн формасын тандоого: күндүзгү, кечки, сырттан, экстернаттык жана үй- бүлөлүк билим алуу;
✓ мектептин китепканалык-маалыматтык, маданий-спорттук жана башка каражаттарын пайдалануу;
✓ билим берүүнүн кошумча (анын ичинде акылуу) кызматтарын алуу;
✓ мектепти башкарууга Устав аныктаган түрдө катышуу;
✓ сабактан тышкаркы убакта ийримдерде, клубдарда, кошумча курстар сабактары ж.б-ларда чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү;
✓ адамдык кадыр-баркты сыйлоого, абийир жана маалыматтык эркиндик, жеке көз караштарын жана ынанымдарын эркин билдирүү;
✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө женилдиктерин пайдаланууга;
✓ жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу;
✓ окуучулардын мектептеги коопсуздугун камсыз кылуу.

7.7. Окуучуларды коомдук уюмдарга өтүүгө кыстоого, ошондой эле аларды бул уюмдардын ишмердигине тартууга жана үгүт кампанияларына катыштырууга жол берилбейт;

7.8. №97 ОМтин окуучулары милдеттүү:

✓ №97 ОМтин Уставын сактоого жана аткарууга, ички тартиптин эрежелерин сактоого;
✓ жалпы билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын денгээлинде өздөштүрүүгө;
✓ тийиштүү окуу пландарында жана программаларында каралган тапшырмалардын бардык түрлөрүн белгиленген мөөнөттө аткарууга;

✓ жалпы маданияттын жогорулашына, адеп-ахлактык жана дене-тарбиялык жеткилеңдикке, өзүн көзөмөлдөөгө тарбиялоого, толеранттуулукка жана жоопкерчилик сезимин тарбиялоого умтулууга;

✓ кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган башка элдердин каада-салттарын, №97 ОМде окуган башка окуучулардын, кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоого;

✓ мектептин мүлкүнө жана окутуунун техникалык каражаттарына аяр мамиле кылууга, мүлктөр жараксыз абалга келген учурларда ата-энелери менен биргеликте келтирилген зыянды калыбына келтирүүгө;

✓ жүйөлүү себепсиз сабактарды калтырбай, берилип окууга;

✓ мектеп формасына карата №97 ОМнин талаптарын аткарууга;

✓ №97 ОМте окуган башка окуучулардын жана мектепте иштегендердин абийирин жана парасатын кадырлоо, аларга карата оройлук, зордук жана жосунсуз мамиле кылууга жол бербөөгө;

✓ Устав жана ички тартип эрежелери укук берген маселелер боюнча кызматкерлердин талаптарын аткарууга.

✓ тартип Мектепте окугандардын, педагогдордун жана кызматкерлердин адамдык ар-намысын кадырлоонун негизинде кармалат.

7.9. №97 ОМде окугандарга кескин түрдө тыюу салынат:

✓ курал, спирт ичимдиктери, тамеки, уулуу жана баңги заттарды алып келүү, берүү жана колдонууга;

✓ жарылуучу жана өрткө алып барышы ыктымал ар кандай каражаттарды, заттарды пайдаланууга;

✓ мамиле келишпегенде, коркутуу жана опузалап алуу үчүн күч колдонууга;

✓ жанындагылар үчүн опурталдуу натыйжаларга алып барышы ыктымал болгон ар кандай аракеттерди жасоого.

Окуучулардын башка милдеттери жергиликтүү ченемдик актылар, эң алды Коопсуздук техникасынын эрежелери жана Мектептин директорунун буйруктары менен белгиленет.

7.10. Ата~энелер (алардын ордундагылар) төмөнкүлөргө укуктуу:

✓ жалпы билим берүү уюмун жана андагы окутуунун түрүн тандоого;

✓ балдардын мыйзамдуу укук жана кызыкчылыктарын коргоого. Бул максатта ата-энелер Мектептин директоруна жазылган арыз менен кайрылууга укуктуу жана директор арыз берилген күндөн бир айдан кечиктирбей жазуу түрүндө жооп берүүгө милдеттүү. Коюлган баанын тууралыгына байланыштуу ата-энелер менен мугалимдердин ортосунда чыр чыккан учурда адис-мугалимдерден көз каранды эмес комиссия

түзүлөт (методисттер тартылышы мумкун), ал окуучунун билимин текшерип, тийиштүү баасын коёт;

- ✓ педагогикалык кеңештерге жана өздөрүнүн баласынын сабакка жетишүүсү жана жүрүш-турушу жөнүндө маселе териштирилген учурда талкууга катышууга;
- ✓ билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну, окуучунун жетишүүсүнүн баалары менен таанышууга жана бул максатта баласы окуган класста мугалимдердин сабагына катышууга (мектептин директорунун уруксаты жана сабак өтүп жаткан мугалимдин макулдугу менен) укуктуу;
- ✓ мектепке келүүгө жана (окуу-тарбия процессине тоскоолдук кылбоо үчүн) сабактардан бош убакта мугалимдер менен аңгемелешүүгө;
- ✓ ушул Уставда белгиленген түрдө Мектепти башкарууга катышууга.

7.11. Ата-энелер (алардын ордундагылар) милдеттүү:

- ✓ №97 ОМтин Уставын аткарууга;
- ✓ баланын негизги жалпы билим алуусуна керектүү шарттарды түзүүгө;
- ✓ баланы тарбиялоо жана билим берүү жоопкерчилигин алууга;
- ✓ ата-энелер чогулуштарына катышуу, мектепке педагогдордун жана администрациянын өтүнүчү боюнча келүүгө;
- ✓ баланын саламаттыгына кам көрүүгө, №97 ОМне анын оорулары жөнүндө өз убагында билдирүүгө жана врачтардын кароосунан өтүү, бала сабакты 2 күндөн көп калтырган учурда дарыгерден маалымкат алып келүүгө;
- ✓ №97 ОМне бала тарабынан келтирилген зыяндын ордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде ордуна келтирүү;
- ✓ башка окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), №97 ОМнин кызматкерлеринин ар-намысын сыйлоого;
- ✓ №97 ОМдун педагогдоруна жана кызматкерлерине карата жүрүм-турум этикасын сактоого.

7.12. Ата-энелердин (алардын ордун алмаштыруучу адамдардын) башка укуктары жана милдеттери ушул Уставга ылайык №97 ОМдун ортосунда түзүлгөн келишимге киргизилиши мүмкүн.

7.13. №97 ОМдун кызматкерлери менен администрациянын мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынат. Эмгек келишиминин мөөнөтү Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарына ылайык кызматкер жана иш берүүчү тарабынан эмгек келишимин түзүүдө аныкталат.

7.14. №97 ОМдун мугалимдери төмөнкү укуктарга ээ:

✓ №97 ОМди башкарууга ушул Устав аныктаган тартипте катышууга;
✓ өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого;
✓ мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана билим берүү тармагындагы башка ченемдик документтердин негизги талаптарына ылайык таалим, тарбия берүү методикасын, окуу китептерин, окуу куралдарын жана материалдарды, окуучулардын билимин, шык, жөндөмүн баалоо усулдарын эркин тандоо, пайдалануу жана түзүүгө;
✓ педагогдук алдыңкы тажрыйбаны ишке жайылтууга;
✓ кесиптик квалификацияны жогорулатууга;
✓ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгендей төлөнүүчү өргү, социалдык кепилдиктер жана жеңилдиктерге;
✓ тийиштүү квалификациялык категорияга аттестациядан өтүүгө.

7.15. №97 ОМдин мугалимдери милдеттүү:

✓ педагогикалык этикасынын жана Уставдын нормаларын сактоого жана аткарууга;
✓ окугандардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;
✓ өз алдынчалуулукту, ишке карата чыгармачыл мамилени өнүктүрүүгө, окуучулардын жүрүм-турумунун жогорку адеп-ахлактык сапатын калыптандырууга;
✓ билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген кызматтарга карата квалификациялык талаптарга дал келүүгө;
✓ өзүнүн кесиптик деңгээлин туруктуу өркүндөтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга;
✓ окуучуларга карата моралдык жана жекече зомбулуктун ыкмаларын колдонбоого;
✓ мезгили менен медициналык текшерүүдөн өтүүгө;
✓ педагогикалык кеңеш жана кеңешмелерге катышууга;
✓ окуучулардын ата-энелери менен туруктуу байланышта болууга;
✓ белгиленген документацияны жүргүзүүгө жана иреттүү кармоого, Мектептин администрациясына керектүү маалыматтарды берүүгө.

7.16. Педагогикалык жүктөмдүн өлчөмү Базистик окуу планы боюнча сааттардын санына, №97 ОМдин кадрлар менен камсыздыгына жана башка да иш шарттарына жараша аныкталат.

7.17. Мектептин персоналынын башка категорияларынын укуктары жана милдеттери типтүү квалификациялык мүнөздөмөлөрдүн жана ушул

Уставдын негизинде мектеп иштеп чыккан тийиштүү кызматтык инструкциялары менен аныкталат.

## VIII. №97 ОМдин түзүлүшү

8.1. Коюлган милдеттерди жана ушул Уставды эске алуу менен Мектептин түзүлүшүн Мектептин директору аныктап, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы бекитет.

8.2. Персоналдын санын Мектеп акча каражаттарына жана окугандардын санына карап аныктайт.

Кызматкерлердин иш-аракет милдеттери Директор бекиткен ички жоболор менен аныкталат.

## IX. Мектепти башкаруу

9.1. Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана жалпы билим берүү мекемесинин Уставына ылайык демократиялуулук, ачыктык, жалпы адамзат баалуулуктарынын артыкчылыгы, адамдын өмүрүн жана ден соолугун сактоо, инсандын эркин өнүгүшү принциптеринде жүргүзүлөт.

9.2. Мектепти башкаруунун Жогорку органынын ишин Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы жүргүзөт.

9.3. Жалпы билим берүү мекемесин түздөн-түз башкарууну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипте дайындалган Директор жүргүзөт.

9.4. Мектептин директору:

✓ Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жагындагы башка ченемдик укуктук актыларды тутунат жана аткарат;
✓ педагогикалык жамаатты жетектөөнү ишке ашырат;
✓ мектептин штаттык жадыбалын бекитет, кадрларды туура тандоону жана коюуну камсыз кылат;
✓ өз ыйгарым укуктарынын чегинде бардык кызматкерлер жана окуучулар үчүн милдеттүү аткарыла турган буйруктарды жана буйрутмаларды, тапшырмаларды чыгарат;
✓ мектептин кызматкерлерин жумушка алууну жана жумуштан бошотууну жүргүзөт;

- ✓ мамлекеттик эмес пенсиялык фонддун чегинде бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасын бекитет, баланс жана чыгымдар сметасын аткаруу жөнүндө отчётторду бекитет жана кол коёт;
- ✓ мектептин педагогикалык кызматкерлеринин чыгармачыл өсүшүнө, окутуунун жана тарбиянын алдыңкы түрлөрүн жана усулдарын алар колдонушуна, педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүгө шарт түзөт;
- ✓ окуучуларды кабыл алуу, бүтүрүү, которуу, окуудан чыгаруу жана ордуна келтирүүнү уюштурууну, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана чыңдоо боюнча, окутуунун коопсуз шарттарын түзүү боюнча иш-чараларды өткөрүүнү жүргүзөт;
- ✓ кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн ирээтин жана шарттарын белгилейт;
- ✓ окуу-тарбия иштерине, окуучулардын билиминин сапатына жана жүрүм-турумуна, класстан тыш жана мектептен тыш иштердин мазмунуна жана уюшулушуна, педагогдордун ишине, анын ичинде сабактарга, окутуу иштеринин бардык башка түрлөрүнө, тарбиялык иш-чараларга катышуу жолу менен окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары менен бирдикте көзөмөл жүргүзөт;
- ✓ өзүнүн иш милдеттерине ылайык башка иштерди аткарат.

9.5. №97 ОМдун директору өз иш-аракеттерине байланыштуу ата-энелердин жана мамлекеттин, коомдун жана түзүүчүлөрдүн алдында Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, келишимде (контрактта), ушул Уставда, жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү Жободо каралган иш-аракет милдеттерине ылайык жеке жоопкерчиликти моюнуна алат.

9.6. №97 ОМдун директорунун орун басарларынын жана башка кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарын ушундай кызмат адамдарынын иш-аракет милдеттери жөнүндө Жоболорго ылайык Мектептин директору аныктайт.

9.7. №97 ОМде кошо башкаруунун түрлөрү - педагогикалык, илимий-усулдук, камкорчулар кеңештери, эмгек жамаатынын жалпы чогулушу, ата-энелердин жалпы мектептик комитети жана окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу.

9.8. Окуу-тарбия процессин өнүктүрүү жана жакшыртуу, мугалимдердин жана класс жетекчилердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана чыгармачыл өсүү максатында №97 ОМде Педагогикалык кеңеш - №97 ОМдун директорунун төрагалыгы астында №97 ОМдун педагогикалык кызматкерлерин бириктирген коллегиалуу орган иш алып барат.

№97 ОМдун **Педагогикалык кеңешин** (мындан ары - Педкеңеш) мектептин бардык педагогикалык кызматкерлери түзөт. Педкеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

✓ мектептеги окуу-тарбия процессинин абалына, окутуучулардын кесиптик даярдыгынын деңгээлине, №97 ОМдун ар бир окуучусунун окутулгандыгы, тарбияланышы жана өнүгүшүнө баа берүү;
✓ 9,11-класстардын окуучуларына жыйынтыктоочу аттестациялоону өткөрүү үчүн сабактардын санын аныктоо;
✓ окуу жылынын жыйынтыгы боюнча сабактан академиялык карызы бар окуучуларды кийинки класска шарттуу көчүрүү, кайра окутуу жылына калтыруу билим берүү тармагындагы ченемдик-укуктук актылардын негизинде жүргүзүү;
✓ билим берүү программаларын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучуларды кийинки класска көчүрүү;
✓ окуу-тарбиялык процессти жакшыртуу жана анын жогорку сапатын камсыз кылууга тиешелүү педагогикалык көйгөйлөрдү чечүү;
✓ педагогикалык кадрларды аттестациялоого даярдоо, өткөрүүнү уюштуруу жана жүргүзүү;
✓ №97 ОМдун Директорунун, анын орун басарларынын отчетторун угуу, алардын ишин жакшыртуу боюнча сунуш киргизүү;

№97 ОМдун Педагогикалык кеңешин директор керектүү учурларда чакыртат.

9.9. Мектептин **Усулдук кеңеши** (мындан ары - Усулкеңеш) окуу-тарбия иштерин усулдук камсыз кылууну уюштуруу жана шайкештөө, педагогикалык кадрларлы усулдук окутуу үчүн Мектептин эң тажрыйбалуу педагогикалык кызматкерлеринен, ошондой эле илимий кызматкерлерден жана билим берүү жагындагы адистерден түзүлөт. Усулкеңеш алдында сабактар боюнча жана бөлөк бирикмелер, топтор ж.б. түзүлүшү мүмкүн.

Усулкеңештин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

✓ №97 ОМдун окуу-тарбия иштерин усулдук камсыз кылуунун абалына жана усулдук иштин абалына баа берүү;
✓ окутуучулардын чыгармачыл топторун жана башка бирикмелерин түзүү жана ишин уюштуруу;
✓ окуу-тарбия процесси усулдук камсыз кылуунун, педагогикалык кадрлардын усулдук окуусунун максаттарын жана маселелерин калыптоо;
✓ педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун усулдарын, мазмунун жана түрлөрүн аныктоо;

✓ педагогикалык кадрлардын усулдук окуусун мерчемдөөнү, уюштурууну жана жөнгө салууну ишке ашыруу, анын жыйынтыктарын талдоо жана баа берүү;
✓ мектеп жамаатынын ишмердигин жөнгө салган документтерди иштеп чыгуу жана аткаруу;
✓ айрым педагогдордун отчетторун угуу, алардын ишин жакшыртуу боюнча сунуш киргизүү;
✓ кызматкерлерди жана окугандарды сыйлык жана ардактуу наамдар менен сыйлоо, ысымдуу стипендияларды, ошондой эле аларга кошо төлөмдөрдү белгилөө жөнүндө сунуштарды кароо.

9.10. Мектепте коомдук уюмдар катары ушундай эле **класстардын жана жалпы мектептин ата-энелер комитеттери** иш алып барат. Алар балдарды окутуу жана тарбиялоодо үй-бүлө менен мектептин аракеттерин бириктирүүгө көмөктөшөт, социалдык жактан корголбогон окуучуларды аныктоодо жана коргоодо жардам көрсөтүшөт.

9.11. Класстарда ата-энелер комитеттери ата-энелердин жалпы класстык чогулуштарында саны үчтөн кем эмес мүчөнүн курамында шайланат. Шайланган мүчөлөр төраганы жана катчыны шайлашат. Жалпы класстык чогулушта ошондой эле жалпы мектептин ата-энелер комитетине 1 (бир) өкүл шайланат.

9.12. Класстардын ата-энелер комитеттеринин өкүлдөрү жалпы мектептин ата-энелер комитетин түзөт жана ал комитеттин төрагасын, катчысын, керектуу деп эсептелген комиссиялардын төрагаларын шайлайт. Жалпы мектептин ата-энелер комитетинин төрагасы ошондой эле Педкеңештин мүчөсү болот.

9.13. Жалпы мектептин ата-энелер комитети:

✓ ар кандай түрдө материалдык жардам көрсөтүү зарыл болгон окуучулардын кандидатураларын талкуулайт жана тизмесин бекитет;
✓ керек болгондо Жалпы мектептин ата-энелер комитетинин Коомдук Фондун түзөт;
✓ №97 ОМдо сакчылар зарылдыгы жана аны күтүүгө ыктыярдуу акы жыйноо жөнүндө чечим кабыл алат;
✓ №97 ОМдун чарбалык жана материалдык-техникалык базасын чыңдоого жардам берет;
✓ мектеп турмушунун маселелерин талкуулоо жана сунуш түрүндө чечимдерди кабыл алуу;
✓ ата-энелер коомчулугун №97 ОМдун турмушуна, класстан тыш жана мектептен тыш иштерди уюштурууга жигердүү катышууга тартуу.

9.15. №97 ОМдо ошондой эле ыктыярдуу негизде **окуучулардын өзүн башкаруу органдары жана окуучулардын уюмдары** түзүлүшү мүмкүн. Мектеп окуучулар уюмдарынын өкүлдөрүнө керектүү маалыматтарды берет жана окуучулардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер талкууланганда Мектепти башкаруу органдарынын отурумдарына катышканга жол берет.

## X. Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиби.

10.1. Мектептин каржылык каражаттарынын негизги булактары:

- ✓ Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;
- ✓ башка жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу салымдары;
- ✓ эл аралык уюмдардын гранттары;
- ✓ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

## XI. Ушул Уставга өзгөртүү жана кошумчаларды кабыл алуу.

11.1. Ушул Уставга өзгөртүүлөр жана кошумчалар эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда кабыл алынат. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы бекитет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте катталат.

## XII. №97 ОМдун ишмердигин көзөмөлдөө.

12.1. №97 ОМдун ишмердигин көзөмөлдөө ушул Устав жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

## XIII. №97 ОМдун ишмердигин токтотуу.

13.1. №97 ОМдун ишмердигин жоюу же кайра уюштуруу (биригүү, кошуп коюу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, өзгөртүү) түрүндө токтотулушу мүмкүн.

13.2. №97 ОМдун ишмердиги, эреже катары окуу жылы аяктаганда, жоюлуп же кайра уюштурулган учурда ата-энелер (алардын ордундагылар) менен макулдашып, окуучуларды башка билим берүү мекемелерине которуу жоопкерчилигин түзүүчүлөр өздөрүнө алат.

13.3. Жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоюу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

13.4. №97 ОМдун ишмердигинде пайда болгон документтер жоюу же кайра уюштуруу болгондо Кыргыз Республикасынын «Кыргыз

Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

13.5. Ушул Уставда чагылдырылбаган иш маселелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**№97 ОМдун директору** **З.Э.Жээнтаева**